**И. К. АХУНБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК МЕДИЦИНАЛЫК АКАДЕМИЯСЫ**

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Д 14.23.691 диссертациялык кеңеши**

Кол жазманын укугу менен
**УДК 616.31:615.831.7**

**СУБАНОВА АЗИРА АЗИСОВНА**

# ПАРОДОНТ ООРУЛАРЫН ДАРЫЛООДО ТАБИГЫЙ АНТИОКСИДАНТТАРДЫ КОЛДОНУУНУН КЛИНИКАЛЫК-ЭКСПЕРИМЕНТАЛДЫК НЕГИЗДЕМЕСИ

14.03.11– калыбына келтирүүчү медицина,
спорттук медицина, дарылоо дене тарбия медицина,
курортология жана физиотерапия

Медицина илимдеринин кандидаты окумуштуулук
даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын
**автореферата**

**Бишкек – 2025**

Илимий иш Б. Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетинин терапиялык стоматология кафедрасында аткарылган.

**Илимий жетекчилери:**

**Белов Георгий Васильевич**
доктор медицинских наук, профессор

**Шаяхметов Давлетша Белекович**
медицина илимдеринин доктору, доцент,
И. К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясынын хирургиялык стоматология жана жаак-бет хирургиясы кафедрасынын доценти

**Расмий оппоненттер:**

**Владимирова Оксана Николаевна**
медицина илимдеринин доктору, доцент,
АО «ЦИТО» инновациялар, технологиялар жана билим берүү борборунун жетекчиси,Санкт-Петербург шаары

**Калюжная Оксана Александровна**
медицина илимдеринин кандидаты,
«Новаклиник» жеке клиникасынын физиотерапия дарыгери, Бишкек шаары

**Жетектөөчү мекеме:** С. М. Киров атындагы Аскер-медициналык академия, физикалык жана калыбына келтирүүчү медицина кафедрасы (194044, Россия Федерациясы, Санкт-Петербург шаары, Академик Лебедев көчөсү, 6)

Диссертацияны коргоо 2025-жылдын 25-ноябырында саат 14.00до медицина илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын алуу үчүн диссертацияны коргоо боюнча, И. К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясы жана тең уюштуруучу Ош мамлекеттик университетине караштуу Д 14.23.691 диссертациялык кеңешинин отурумунда өткөрүлөт, дареги: 720020, Бишкек шаары, Ахунбаев көчөсү 92, конференц-залы. Диссертацияны коргоо боюнча видеоконференциянын шилтемеси: https://vc.vak.kg/b/032-clg-rrw-xgy

Диссертациялык иш менен И. К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясынын (720020, Бишкек ш., Ахунбаев көч., 92) жана Ош мамлекеттик университетинин (723500, Ош ш., Ленин көч., 331) китепканаларынан жана https:vak.kg сайтынан таанышууга болот.

Автореферат 2025-жылдын 24-октябырында жиберилди.

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы,**
**медицина илимдеринин кандидаты, доцент** **А. Б. Сайдылдаева**

# ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Парадонтит-ооз көңдөйүнүн эң кеңири таралган ооруларынын бири болуп эсептелинет. Бул дарт дүйнө жүзү боюнча чоң кишилер арасында 98 % чейин кездешет. Жаш өзгөчөлүктөрүнө ылайк, 15-19 жаш курактагы арасында пародонтит 55 %-99 %, ал эми 35-44 жаштагы адамдарда 65-98 % чейин таралган. Россия Федерациясында пародонтит оорусу чоң кишилердин 82 % камтыйт [Л. Ю. Орехова, М. В. Осипова, 2018]. Эпидемиологиялык изилдөөнүн маалыматына ылайык, Кыргыз Республикасынын калкынын арасында пародонт оорууларынын таралуу деңгээли 87 % түзөт, эң жогорку көрсөткүч 35-44 жаш курактык тобунда байкалган [Н. Ж. Кыдыкбаева, 2020]. Кыргыз Республикасынын жогорку тоолуу аймактарында жүргүзүлгөн илимий изилдөөлөрдүн жыйынтыктарына ылайык, пародонт ооруларынын оордугунун деңгээли жергиликтүү тургундардын арасында 20 % жогору экени аныкталган. Бул көрүнүш, негизинен, гипоксия, кычкылдануу-калпына келүү потенциалынын өзгөрүшү жана кан айлануунун жайлашы менен байланыштуу экендиги белгиленген [Л. Б. Сабурова, 1981].

Пародонт ооруларынын башталышына негизги себептер катары болуп микробдук факторлор, шилекейдеги липиддердин перекистүү кычкылдануусу менен антиоксиданттык коргонуу системасынын тең салмагынын бузулушу, ошондой эле жергиликтүү жана жалпы иммунитеттин начарлашы алып келет [И. А. Бутюгин, 2014; Л. М. Цепов, 2015; И. Н. Усманова, 2015]. Пародонт ооруларынын полиэтиологиялык мүнөзү алардын дарылоо процессинде ар түрдүү ыкмаларды колдонуу зарылдыгын жаратат. Комплекстүү жана жеке мамиле, дарылоонун ийгиликтүү жыйынтыгын камсыз кылуучу негизги шарт болуп саналат. Негизсиз жана туура пландалбаган дарылоо, адатта, оорунун өрчүшүнө жана тиш-жаак системасынын жалпы функционалдык мүмкүнчүлүктөрүнүн төмөндөшүнө алып келет. Заманбап ыкмалар пародонт ооруларын дарылоодо төмөнкү колдонууга негизделинет: антисептикалык жергиликтүү таасирлерди жүргүзүү, антибиотиктерди колдонуу, липиддердин перекистик кычкылдануу процессинин бузулушун калыбына келтирүү, регенеративдик каражаттарды жана физиотерапиялык дарылоо ыкмаларын колдонуу. Айрым антибиотиктерди камтыган дары-дармектерге микроорганизмдердин резистенттүүлүгүнүн пайда болуусуна байланыштуу, пародонт ооруларын калыбына келтирүүчү дарылоодо минералдык жана өсүмдүк табигый каражаттар барган сайын кеңири колдонулууда. Табигый дары каражаттарын пайдалануу ооз көңдөйүнүн микрофлорасынын табигый тең салмагын бузбайт жана терс таасирлерге алып келбейт [Е. И. Гончарова, 2012; S. Aspalli, 2014; B. R. Chandra Shekar, 2015].

Акыркы ондогон жылдар аралыгында Кыргыз Республикасынын илимпоздору тарабынан табигый антиоксиданттардын негизинде ондон ашык

стоматологиялык каражат иштелип чыккан, алардын катарына «Кирславин», «Фломираль», «Аплидонт» жана башка каражаттар кирет. Бул каражаттардын сезгенүүгө каршы жана антиоксиданттык касиеттери илимий түрдө дадилденген.

Диссертациялык иш «Витар» стоматологиялык каражатын доклиникалык изилдөөгө ошондой эле DENOVA Oral BIO-Complex комплекстүү каражатынын дарылоочу натыйжалуулугун аныктоого багытталган. Жүргүзүлгөн маалыматтык талдоо учурдагы илимий изилдөөлөрдүн жыйынтыктары көрсөткөндөй, дарылык өсүмдүктөрдү стоматологиялык практикада колдонууга арналган эмгектер арбын болгонуна карабастан, алардын курамын түзүү жана өркүндөтүү маселеси жетиштүү иштелип чыккан эмес. Бул жагдай аталган илимий-изилдөө ишинин максатын жана милдеттерин аныктоого негиз болду.

**Диссертациянын темасынын илимий артыкчылыктуу багыттар, ири программалар (долбоорлор), билим берүү жана илимий мекемелер жүргүзгөн негизги илимий-изилдөө иштери менен байланышы.** Илимий-изилдөө ишинин алкагында, 2017-жылдын 11 октябрында № 09-2017 илимий кызматташтык тууралуу келишимге ылайык, Израилдин Маалот шаарындагы ELITE PROJECTS 1998 компаниясы жана International Educational Centre билим берүү борборунун башкы директору Gabriel Mark Khavin мырзанын өкүлчүлүгүндө, табигый тектеги DENOVA Oral BIO-Complex каражатын пародонт ооруларын калыбына келтирүүчү дарылоонун курамында колдонуу боюнча биргелешкен клиникалык изилдөөлөр жүргүзүлгөн. Бул изилдөөлөрдүн жыйынтыктары эл аралык деңгээлдеги биргелешкен илимий басылмаларда чагылдырылган.

**Изилдөөнүн максаты:** иштелип чыккан «Витар» стоматологиялык каражатынын натыйжалуулугун илимий негиздөө жана эксперименттик жактан тастыктоо, ошондой эле DENOVA Oral BIO-Complex курамындагы табигый антиоксиданттардын клиникалык таасирин өнөкөт гингивитти калыбына келтирүүчү дарылоодо баалоо.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

1. Кыргызстандын стоматологиялык каражаттарды иштеп чыгууга ылайыктуу табигый дарылык ресурстары жөнүндө маалыматтарды изилдөө жана топтоо.

2. Тандалган табигый дарылык компоненттердин негизинде «Витар» стоматологиялык каражатынын курамын жана даярдоо технологиясын иштеп чыгуу.

3. Иштелип чыккан «Витар» каражатынын доклиникалык изилдөөлөрүн жүргүзүү, анын ичинде токсикологиялык таасирин, аллергендүүлүгүн жана жергиликтүү дүүлүктүрүүчү касиеттерин баалоо, ошондой эле пародонтитти эксперименталдык моделдөө.

4. Өнөкөт катаралдык гингивитти калыбына келтирүүчү дарылоодо DENOVA Oral BIO-Complex табигый антиоксидант гигиеналык каражатынын клиникалык натыйжалуулугун баалоо.

**Алынган жыйынтыктардын илимий жаңылыгы.**

1. Жаңы стоматологиялык каражаттар «Витар» (Кыргыз Республикасынын патенти № 1796), ошондой эле «Артокан» (Кыргыз Республикасынын патенти № 2050) жана «Пропакан» (Кыргыз Республикасынын патенти № 2074) композициялары иштелип чыкты.

2. Доклиникалык изилдөөлөрдүн жүрүшүндө «Витар» каражатынын токсикологиялык коопсуздугу, аллергендик жана жергиликтүү дүүлүктүрүүчү таасири жоктугу биринчи жолу илимий жактан аныкталды.

3. Эксперименталдык изилдөөлөрдө «Витар» каражаты пародонтитти моделдөөдө эффективдүү экени тастыкталып, анын дарылоочу таасири дадилденди.

4. Катаралдык өнөкөт гингивитти калыбына калыбына келтирүүчү дарылоодо антиоксиданттык DENOVA Oral BIO-Complex каражатынын натыйжалуулугу биринчи жолу далилденди.

**Алынган жыйынтыктардын практикалык мааниси.**

Иштелип чыккан стоматологиялык «Витар» каражаты үчүн доклиникалык изилдөөлөрдү жүргүзүүгө максатында тажрыйбалык-өндүрүштүк үлгү даярдалган. Күтүлгөн жыйынтыктыктардын бири, каражатты өндүрүштүк деңгээлде чыгарууну камсыз кылуу болуп саналат. Бул өз кезегинде пародонттун сезгенүү ооруларын стоматологиялык поликлиникаларда, бөлүмдөрдө жана кабинеттерде амбулатордук шартта натыйжалуу жана экономикалык жактан жеткиликтүү дарылоого өбөлгө түзөт. Кыргызстандын стоматологиялык практикасына алгачкы жолу тиштердин жана ооз көңдөйүн күтүү үчүн колдонулуучу заманбап, жогорку натыйжалуу гигиеналык каражат DENOVA Oral BIO-Complex киргизилди. Бул каражат дүйнөнүн 25-тен ашык өлкөсүндө ооз көңдөйүнүн ден соолугун сактоо жана оорулардын алдын алуу максатында ийгиликтүү колдонулуп келет. Антиоксиданттык гигиеналык каражаттарды пародонт ооруларын дарылоодо жана алдын алууда пайдалануу сезгенүүнү процесстерин азайтууга, пародонт ткандарынын абалын жакшыртууга жана ремиссияны узак мөөнөткө сактоого өбөлгө түзөт. Ошону менен катар, жаш курактагы адамдар арасында профилактикалык чаралардын натыйжалуулугун жогорулатат.

**Алынган жыйынтыктардын экономикалык мааниси.**

Илимий негизде иштелип чыгып, өнөр жайлык шартта чыгарууга мүмкүн болгон стоматологиялык каражат ооз көңдөйүнүн ооруларын дарылоого кеткен чыгымдарды кыскартууга өбөлгө түзөт жана Евразиялык экономикалык союздун (ЕАЭС) рыногунда атаандаштыкка жөндөмдүүлүктү камсыз кылат. Каражатты өз алдынча колдонуу мүмкүнчүлүгү бейтаптардын дарыгерге көп кайрылуу зарылдыгын азайтып, дарылоого кеткен жалпы чыгымдарды төмөндөшүнө алып келет. DENOVA Oral BIO-Complex антиоксиданттык каражатын колдонуу

калыбына келтирүүчү дарылоонун натыйжалуулугун жогорулатууга жана рецидивдердин кайталануусунун жыштыгын азайтууга өбөлгө түзөт.

**Коргоого чыгарылуучу диссертациянын негизги жоболору:**

1. Стоматологиялык «Витар» каражатынын доклиникалык изилдөөлөрү анын токсикологиялык, аллергиялык жана жергиликтүү дүүлүктүрүүчү таасирлеринин жоктугун ишенимдүү тастыктап, пародонтитти эксперименталдык моделдөөдө дарылоочу натыйжалуулугун аныктады.

2. Антиоксиданттык DENOVA Oral BIO-Complex каражатынын клиникалык сыноолорунун натыйжалары өнөкөт катаралдык гингивитти комплекстүү дарылоодо колдонууда анын сезгенүүгө каршы жана калыбына келтирүүчү касиеттерин илимий жактан далилдеди.

**Изденүүчүнүн жеке салымы**. Илимий даражага талапкер пародонт ооруларынын калыбына келтирүүчү дарылоого багытталган үч стоматологиялык каражаттын жана бир дарылоо ыкмасынын автору болуп эсептелет. Изденүүчү Израилдеги DENOVA билим берүү борбору менен биргеликте натыйжалуу фитопрепараттарды изилдөө боюнча Эл аралык илимий-изилдөө кызматташтыгын өнүктүрүүдө. Израиль Мамлекетиндеги Маалот шаарында жайгашкан DENOVA Эл аралык билим берүү борборунун президенти, табигый компоненттердин негизиндеги жаңы дары-дармектерди ойлоп тапкан, медициналык жогорку окуу жайларындагы клиникалык жана лабораториялык изилдөөлөрдүн консультанты урматтуу Gabriel Mark Khavin мырзага илимдин жана медициналык билим берүүнүн онүгүшүнө кошкон зор салымы үчүн ыраазычылык билдиребиз.

**Изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын апробациялоо.** Илимий-изилдөө ишинин негизги жоболору жана жыйынтыктары төмөнкү конференцияларда баяндалган: V Эл аралык илимий-практикалык конференция «Заманбап медицинанын актуалдуу маселелери», Екатеринбург ш., 11 март 2018 жыл., V Эл аралык илимий-практикалык конференция «Жаратылыш таануу илимдери жана медицина: теория жана практика», Новосибирск ш., октябрь 2018-жыл.

**Диссертация жыйынтыктарынын публикациялардагы чагылдырылышынын толуктугу.** Диссертациялык иштин темасы боюнча жалпысы 15 илимий эмгек жарыяланган**.** Алардын ичинен 7 эмгек Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссия сунуштаган илимий басылмаларда**,** 4-чет өлкөлүк илимий журналдарда жарык көргөн. Ошондой эле Кыргыз Республикасынын Интеллектуалдык менчик жана инновациялар боюнча мамлекеттик кызматтынын расмий басылмасы «Интеллектуалдык менчик» бюллетенинде 4 автордук патент жарыяланган.

Жарыяланган бардык эмгектерде диссертациялык изилдөөлөрдүн негизги жоболору, алынган жыйынтыктары жана илимий-теориялык корутундулары толук чагылдырылган.

**Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү.** Диссертациялык иш 103 беттен турат. Ал төмөнкү бөлүмдөрдү камтыйт: киришүү, адабияттарга анализ, изилдөөнүн материалдары жана ыкмалары, алынган жыйынтыктар, корутунду, практикалык сунуштар, колдонулган адабияттардын тизмеси жана тиркемелер. Илимий иште 14 таблица, 13 сүрөт жана 7 тиркеме камтылган. Библиографиялык тизмеде 141 булакты көрсөтүлгөн алардын ичинен 105 орус тилиндеги, ал эми 36 чет өлкөлүк авторлордун эмгектери.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** бөлүгүндө изилдөөнүн актуалдуулугу, темасынын приоритеттүү багыттары, ошондой эле билим берүү жана илимий мекемелер тарабынан аткарылып жаткан негизги илимий-изилдөө иштери менен байланышы баяндалган. Изилдөөнүн максаты жана милдеттери аныкталган, иштин илимий жаңылыгы көрсөтүлгөн, алынган жыйынтыктардын практикалык жана экономикалык мааниси белгиленген. Коргоого сунушталган негизги жоболор келтирилген, изденүүчүнүн жеке салымы, изилдөөнүн жыйынтыктарынын апробациясы, жарыяланган эмгектердин чагылдырылышы, ошондой эле диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү көрсөтүлгөн.

**1-бап. Адабияттарга сереп.** Изилдөөнүн алкагында тематикалык адабияттарга талдоо жүргүзүлүп, маалыматтык жана патенттик издөөлөр Elibrary, Patent.ru, Pubmed жана USPTO (United States Patent and Trademark Office) маалымат базалары аркулуу ишке ашырылды.

Адабияттык серепте пародонт ооруларынын эпидемиологиясы жана патогенези боюнча учурдагы илимий маалыматтар, ошондой эле калыбына келтирүүчү дарылоодо жаратылыш тектүү дары каражаттарын колдонуу тажрыйбасы боюнча маалыматтар чагылдырылган. Ар кандай органдардын жана системалардын функционалдык бузулуштарында дарылык өсүмдүктөрдү натыйжалуу колдонуу мүмкүнчүлүктөрү каралды. Жүргүзүлгөн анализ жаратылыш антиоксиданттары пародонттун сезгенүү оорулары бар бейтаптарды калыбына келтирүүчү дарылоодо практикалык стоматологияда жетишсиз дэңгээлде колдонулуп жатканын көрсөткөн.

**2-бап. Изилдөөнүн методологиясы жана ыкмалары.** Илимий-изилдөө иштерин жүргүзүүнүн шарттары жана тартиби Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу «Профилактикалык медицина» илимий-өндүрүштүк бирикмесинин биомедициналык этика комитетинин чечими менен макулдашылып, эл аралык этикалык стандарттарга ылайык келет деп табылган.

Изилдөө ыкмалары баскычтарды камтыйт: иштелип чыккан «Витар» каражаттын долбоорлоо жана DENOVA Oral BIO-Complex (DENOVA OBC) комплекстүү гигиеналык каражатынын дарылык натыйжалуулугун баалоо. Проекттик-сыноо этабы төмөнкү иштерди камтыды: стоматологиялык каражаттын курамын иштеп чыгуу, иштелип чыккан каражатты патенттөө, тажрыйбалык-өндүрүштүк регламент жана өндүрүштүк техникалык шарттарды, тажрыйбалык-өндүрүштүк үлгүлөрдү даярдоо. Каражаттын токсикологиялык, аллергендик жана жергиликтүү дүүлүктүрүүчү касиеттерин аныктоо, ошондой эле дарылык таасирин баалоо үчүн пародонтит моделин түзүү. Эксперименталдык изилдөөлөр жаратылыш тектүү дары каражаттарын баалоонун өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен, «Дарылоо каражаттарынын жалпы токсикологиялык таасирин изилдөө боюнча методикалык сунуштарга» жана «Жаңы фармакологиялык заттарды эксперименталдык (доклиникалык) изилдөө боюнча колдонмого» ылайык жүргүзүлгөн [Р. У. Хабриев, 2005; А. Н. Миронов, 2012]. Коопсуздукту баалоо максатында каражаттын курч жана өнөкөт токсикологиялык, ошондой эле аллергендик жана жергиликтүү дүүлүктүрүүчү таасирлери боюнча изилдөөлөр жүргүзүлгөн.

***Эксперименттик изилдөөнүн объектиси:*** 8-9 жумалык, салмагы 235 - 250 г болгон 152 ак эркек келемиштер колдонулган. Жаныбарлар стандарттык виварий шарттарында, алардын экологиялык өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен, биоэтика талаптарына ылайыктуу камкордук менен багылган.

***Изилдөөнүн предмети*** тиш капчыктарынын былжыр кабыгы, мээнин жана тандалган ички органдардын морфологиялык жана гистологиялык түзүлүшүн изилдөө, жалпы кан анализи, ошондой эле И. А. Волчегорский жана авторлор сунуштаган ыкма боюнча шилекейдин биохимиялык курамын спектрофотометриялык ыкма менен баалоо саналат. Пародонттун абалын жана DENOVA OBC табигый антиоксиданттарынын дарылоочу натыйжалуулугун баалоо максатында ортопантомография (ОПТГ) жана пародонталдык индекстердин анализи талданып, комплекстүү клиникалык баалоо жүргүзүлдү.

***Эксперименталдык пародонтитти моделдөө.*** Иштелип чыккан каражаттын дарылоочу натыйжалуулугу лабораториялык келемиштерде лигатуралык пародонтит модели боюнча бааланды [Ж. В. Дзампаева, 2019]. Гексаналдык наркоздо келемиштердин төмөнкү кесүүчү тиштерине 14 суткага лигатуралар орнотулган. Негизги топто 10 сутка бою изилденип жаткан каражат тиш эттерине былжыр кабыгына 2 ирет күнүнө колдонулуп жана «Кирславин» тиш эликсири менен салыштырылган (2.4.1-сүрөт).



2.4.1- сүрөт – Төмөнкү кесүүчү тиштерге лигатура коюу менен пародонтиттин моделин түзүү.

Жыйынтыктардын анализи вариациялык статистиканын ыкмалары менен жүргүзүп, «Statistic for Windows», Word-2000, Excel 7.0 жана IBM SPSS Statistics 20 программалары колдонулган. Статистикалык ишенимдүүлүкө баа берүү Стьюденттин t-критерийи боюнча аткарылган.

**3-бап. Жеке изилдөөлөрдүн жыйынтыктары.**

***3.1 «Витар» стоматологиялык каражатынын иштелип чыгышы жана физика-химиялык касиеттери.*** Диссертациялык иштин 2-милдетине ылайык, дары чөптөрдүн негизинде курамы оптималдаштырылган жана экономикалык жактан негизделген стоматологиялык каражат иштелип чыккан (3.1.2-таблица). «Витар» тиш эликсиринин тажрыйбалык-өндүрүштүк үлгүлөрү боюнча органолептикалык, микробиологиялык, физико-химиялык жана тери дүүлүктүрүүчү көрсөткүчтөр биологиялык активдүү заттарды өндүрүү боюнча белгиленген өндүрүш стандарттарына жооп берет.

***Өндүрүш технологиясы.*** Даярдалган ингредиенттер 2-3 мм өлчөмгө чейин майдаланып, спиртке салынат. Алынган аралашма 7 күн бою маал-маалы менен аралаштырылып демделет, андан соң сүзүлөт. Экстрагенттин калган бөлүгү сыдырылып, негизги суюктукка кошулат. Алынган экстракт күрөң түстөгү тунук суюктук болуп, өзгөчө жыты менен мүнөздөлөт, өндүрүштүк шартта даярдалган күндөн тартып сактоо мөөнөтү 3 жылга чейин.

***Колдонуу ыкмалары:*** каражатты дистилденген же кайнатылган суу менен 1:4 катышта суюлтулуп колдонулат. Аны ооз көңдөйүн чайкоо, ооруган тиш капчыктарын жууп-тазалоо, тиш капчыктарына жана ооз көңдөйүнүн былжыр чел кабыгына аппликация же турунда түрүндө колдонууга болот. Ошондой эле каражаттын бир нече тамчысы суюлтулбаган абалда тиш щеткасына тамызылып, күнүмдүк тиш тазалоодо пайдаланылат.

3.1.2-таблица – «Витар» стоматологиялык каражатынын курамы

| № | Курамдагы кошулмалар | Санд. көлөмү 100 мл.,өл.бирд | Санд. көлөмү 100 л., өл. бирд. | Санд. көлөмү 500 л., өл. бирд. |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Көк чайдын жалбырактары | 7,0 г | 7,0 кг | 35,0 кг |
| 2 | Ромашканын гүлдөрү | 4,0 г | 4,0 кг | 20,0 кг |
| 3 | Лопухтун тамырлары | 3,0 г | 3,0 кг | 15,0 кг |
| 4 | Шалфей чөбү | 3,0 г | 3,0 кг | 15,0 кг |
| 5 | Кара жүзүмдүн уруктары | 3,0 г | 3,0 кг | 15,0 кг |
| 6 | 70% этил спирти | 100 мл чейин | 100л чейин | 500л чейин |

Стоматологиялык «Витар» каражатынын курамы жана аны даярдоо технологиясы патенттелген (3.1.2-таблица).

***3.2 «Витар» стоматологиялык каражатынын курч жана өнөкөт токсикологиялык изилдөөлөрдүн жыйынтыктары.*** Диссертациялык иштин 3-милдетине ылайык жүргүзүлгөн эксперименталдык изилдөөлөрдүн жыйынтыктары иштелип чыккан каражаттын курч жана өнөкөт токсикологиялык таасирлери болбогонун көрсөткөн. Бул жыйынтыктар мээнин, ички органдардын морфологиялык абалынын жана кан курамынын көрсөткүчтөрүнүн физиологиялык норманын чегинде сакталышы менен тастыкталган (3.2.1-таблица; 3.2.1-3.2.4-сүрөттөр).


а


б

3.2.1, 3.2.2-сүрөт – Эксперименталдык топ. Курч токсикологиялык таасирин баалоо үчүн гистологиялык препараттар. Бир жолку зонд аркылуу ичке берүүдөн кийин алынган *мээнин фрагменттери (а)* кабыктын зоналуулугу сакталып, кан тамырларда канга толушу жана шишиген белгилери байкалган жок. *Боордун фрагменттери (б)* балка сымал түзүлүшү сакталып, гепатоциттер бир калыпта канга толгон, цитоплазмасы бир калыпта боёлгон. Боёо ыкм. гемотоксилин-эозин.
Чон. х 80.


а

б

3.2.3, 3.2.4 сүрөт – Эксперименталдык топ. Өнөкөт токсикологиялык таасирин аныктоого арналган гистологиялык препараттар. Изилдөө мөөнөтү: 30 күн. *Боордун фрагменти (а),* балкалык түзүлүш сакталган, перипорталдык катмарларда инфильтрация белгилери жок, гепатоциттерде дистрофиялык өзгөрүүлөр белгилери жок. *Миокарддын фрагменти (б)* түзүлүшү өзгөрүүсүз, патологиялык белгилер аныкталган эмес. Боёо ыкм. гематоксилин-эозин. Чоң. х 80.

Изилденип жаткан каражатты күн сайын 2,0 мл көлөмдө 14 күн бою зонд аркылуу берүүдө негизги топтогу келемиштердин жалпы кан анализинин жыйынтыктары жана дене салмагы боюнча ишенимдүү өзгөрүүлөр аныкталган жок. Жаныбарлардын жалпы абалы физиологиялык норманын чегинде сакталып турган (3.2.1-таблица).

Эксперименттин жүрүшүндө лабораториялык келемиштер күн сайын байкоого алынып турган. Жем менен суунун керектелиши нормалдуу денгээлде сакталып, токсикологиялык белгилери байкалган эмес.

3.2.1-таблица – Курч токсикологиялык таасирин аныктоодо лабораториялык келемиштердин кан курамынын жана дене салмагынын өзгөрүштөрү

| Көрсөткүчтөр n=8 | M±m баштапкы маалда | M±m 1 жумадан | M±m 2 жумадан | $P_{12}$ | $P_{23}$ | $P_{13}$ |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Масса, гр | 240,0±2,12 | 278,8±1,27 | 316,4±1,23 | <0,05 | <0,05 | <0,05 |
| Эритроциты $x10^{12}$ / л, (RBC) | 7,26±0,12 | 7,29±0,15 | 7,31±0,15 | >0,05 | >0,05 | >0,05 |
| Лейкоциты $x10^{9}$ / л, (WBC) | 8,89±0,09 | 7,40±0,07 | 8,36±0,24 | <0,05 | <0,05 | <0,05 |
| Тромбоциты $x10^{9}$ л, (PLT) | 533,19±4,76 | 533,61±5,07 | 533,07±4,65 | >0,05 | >0,05 | >0,05 |
| Гемоглобин, г/дл (HGB) | 12,21±0,11 | 12,03±0,13 | 12,64±0,13 | >0,05 | <0,05 | <0,05 |

Эскертүү: $P_{14}$ >0,05 – гематологиялык көрсөткүчтөр



а б

3.2.4, 3.2.5-сүрөт – Эксперименттик топ. Өнөкөт токсикологиялык таасирин аныктоо үчүн изилденген гистологиялык препараттар. *Бөйрөктүн түзүлүшүнүн фрагменти (а)* – гломерулалардын контурлары так, канга толушу физиологиялык нормада, Шумлянский-Боумен капсуласынын көңдөйүн толук ээлебейт. Өпкөнүн фрагменти (б) - альвеолярдык бөлгүчтөр ичке, капиллярлар менен капталган, шишик же сезгенүү белгилери жок. Альвеолалар аралык бөлгүчтөрдүн туташтыргыч ткандарында тегерек ядролуу клеткалар кездешет. Изилдөө мөөнөтү: 30 күн. Боёо ыкм. гематоксилин-эозин. Чон. х 80 (а), х 160 (б).

Изилденип жаткан каражаттын токсикологиялык таасиринен улам жаныбарлардын өлүмү катталган эмес. Ички органдарды макроскопиялык кароодо канга толуш, кан куюлуш жана жаралуу белгилери байкалган эмес.

***3.3 «Витар» стоматологиялык каражатынын аллергендик жана жергиликтүү дүүлүктүрүүчү таасирин изилдөөлөрдүн жыйынтыктары.*** Изилденип жаткан каражат лабораториялык келемиштердин ооз көңдөйүнүн былжырлуу катмарына 30 күн бою күн сайын колдонулган учурда төмөнкүдөй жыйынтыктар катталган. Келемиштердин ооз көңдөйүнүн былжырлуу челинин түрдүү дүүлүктүрүүчү факторлорго карата жогорку туруктуулугу жана калыбына келүү жөндөмдүүлүгүн эске алуу менен, изилдөө 30 күн бою жүргүзүлгөн. Жүрүм-турум реакцияларын талдоо изилденип жаткан каражат ооз көңдөйүнүн былжырлуу катмарына колдонулгандан кийин келемиштерде азыраак деңгээлде кыймылдуулуктары жайлашы байкалганын көрсөттү. Айрым учурларда кыска мөөнөттүү вегетативдик реакциялар, катып калуу абалы жана тазалануу кыймылдары байкалган. Бул абал адатта 5 мүнөт ичинде жаныбарлардын кадимки кыймыл аракеттерине калыбына келиши менен коштолгон. Жаныбарлардын дем алуулары эркин болгон, аллергиялык реакциялардын белгилери байкалган жок. Жергиликтүү колдонулганда изилденип жаткан стоматологиялык каражат ооз көңдөйүнүн былжырлуу чел кабыгына келемиштерде 30 сутка бою колдонулуп, гемоциркуляциялык түйүндөрдүн түзүлүшүндө морфологиялык өзгөрүүлөр жана клеткалык пролиферациянын белгилери аныкталган жок.



а б

3.3.1-сүрөт – Эксперименталдык топ. ***Тиш капчыктарынын былжыр чел кабыгынын түзүлүшүнүн фрагменти (а)*:** былжыр катмарында инфильтраттар аныкталган жок. ***Ири шилекей бездеринин түзүлүшүнүн фрагменти (б):*** эозинофилдер байкалган жок. Изилдөө мөөнөтү: 30 сутка. Гематоксилин жана эозин менен боёлгон. Чоң x 80.

Ири шилекей бездеринин ички кесиндилерин гистологиялык изилдөөдө бул органга мүнөздүү түзүлүш аныкталган шилекей безин ар түрдүү формадагы жана өлчөмдөгү бөлүктөргө бөлгөн байланыштыргыч строма түзөт. Секретордук бөлүмдөрү ацинустарды түзөт, алар тегерек формадагы ядролорду камтып, миоэпителий клеткалары менен курчалган.

Эозинофилдер табылган эмес, патологиялык өзгөрүүлөр аныкталган жок.

Ошого жараша, аныкталган концентрацияда изилденип жаткан каражат аллергиялык жана жергиликтүү дүүлүктүрүүчү таасирди жаратпай турганы, кан курамынын анализдери, тиш капчыктарынын былжыр чел кабыгынын түзүлүшү жана шилекей бездеринин микропрепараттары менен тастыкталган (3.3.2-сүрөт, 3.3.1-таблица).

3.3.1-таблица – «Витар» стоматологиялык каражаты бир ай тиш капчыктарынын былжыр чел кабыгына колдонулган эксперименттик топтогу келемиштердин кан курамы

| Көрсөткүчтөр, n=8 | Нормасы | Контр. тобу | 10-күнү | 20- күнү | 30- күнү |
|---|---|---|---|---|---|
| Гемоглобин, г/дл (HGB) | 12,0-15,0 | 12,4 ±1,24 | 12,6±1,25 | 13,6±1,24 | 12,7±1,25 |
| Гематокрит (HCT %) | 36,0-46,0 | 38,0±1,21 | 38,0±1,42 | 38,0±1,11 | 38,0±1,15 |
| Эритроциты x$10^{12}$/л, (RBC) | 5,6-7,9 | 7,33±0,80 | 7,39±0,61 | 7,40±0,40 | 7,71±0,71 |
| Лейкоциты x$10^{9}$/л, (WBC) | 7-14,0 | 10,5±1,51 | 13,2±1,65 | 11,7±2,04 | 13,3±2,35 |
| Нейтрофилы палочко-ядерные (NEUT %) | 1-4 | 1,5±1,41 | 1,4±1,55 | 1,7±1,94 | 1,6±2,25 |
| Нейтрофилы сегменто-ядерные (NEUT %) | 20-35 | 31,3±0,34 | 29±0,48 | 27±0,87 | 26±1,18 |
| Эозинофилы (EOS %) | 1-5 | 1,5±1,16 | 1,7±2,19 | 1,6±1,89 | 1,8±1,92 |
| Моноциты (MON %) | 1-5 | 1,6±1,73 | 1,8±0,75 | 1,7±0,24 | 1,9±0,48 |
| Лимфоциты (LYM %) | 55-75 | 73,8±1,38 | 63,9±0,17 | 67,6±1,29 | 65,2±1,36 |
| Тромбоцитыx$10^{9}$л, (PLT) | 450-900 | 457,0±0,13 | 461±1,29 | 467,5±0,27 | 469,0±0,27 |

Эскертүү – $p < 0,05$



3.3.2-сүрөт – Эксперименттик топ. *Изилденип жаткан каражат колдонулган тери бөлүгүнүн гистологиялык фрагменти.* Көп катмарлуу эпителийдин түзүлүшү сакталган, дермада шишик же эозинофилдик инфильтрациянын белгилери байкалган жок. Изилдөө мөөнөтү: 30 күн. Гематоксилин-эозин менен боёлгон. Чоң. х80.

Жон терисине марля менен тампон жабыштырылып, куйрук терисине изилденип жаткан каражат менен нымдалган кийин, эксперименттик топтогу жаныбарларда эч кандай терс өзгөрүүлөр байкалган эмес. Келемиштердин терисинде кычышуу, жаралар, кызаруу жана шишик белгилери болгон эмес. Тери реакциясын баалоо шкаласы боюнча 0 балл түзгөн.

Ошентип, жүргүзүлгөн эксперименттин жүрүшүндө төмөнкүдөй тыянакка келинди: изилденип жаткан каражат ооз көңдөйүнүн былжырлуу чел кабыгына бир жолку жана кайталап колдонууда, ошондой эле жон жана куйрук терисине аппликация жасалганда жаныбарлардын жалпы абалында, кан курамынын көрсөткүчтөрүндө жана изилденип жаткан гистологиялык түзүлүшүндө эч кандай өзгөрүү байкалган жок.

***3.4 Эксперименттик пародонтит моделин стоматологиялык «Витар» каражаты жана «Кирславин» тиш эликсири менен дарылоо.*** Лигатуралар алынгандан кийинки 10-күнү тиш капчыктарынын былжыр чел кабыгынын түзүлүшүнүн өзгөрүүлөрү азайган, бирок толук жоголгон эмес. Изилденип жаткан каражат колдонулган топто тиш капчыктарынын былжыр чел кабыгынын эпителий 10 күндүн ичинде толук калыбына келген, ал эми липиддик перекистик кычкылданышынын көрсөткүчтөрү интакттуу келемиштердеги деңгээлге чейин калыптанган ($p > 0,05$).

Шилекейдин биохимиялык изилдөөлөрү көрсөткөндөй, эксперименттик моделде 2- жана 14-күндөрү гидропероксиддердин жана кычкылдануу индексинин дэңгээли жогорулаган (3.4.3, 3.4.4-сүрөт, 3.4.2-таблица).

а  б 

3.4.3, 3.4.4-сүрөт – Эксперименттик топ. ***Лигатуралар орнотулгандан кийин 1-күн өткөндө (а)- тиш капчыктарынын былжыр чел кабыгынын түзүлүшүнүн*** эпителийинин астында чекит түрүндөгү кан куюлуулар жана лимфолейкоцитардык инфильтрация байкалган. Эпителийдин бетинде фибринден турган жука катмарлар аныкталган. **14-күнү (б)** тиш капчыктарынын былжыр чел кабыгынын түзүлүшүндө **гиперплазия жана дистрофия белгилери** байкалган. Эпителий катмарларынын калыңдыгы бир калыпта болбой өзгөрүлүп, ичин карай өсүндүлөр пайда болгон. Бактериоскопияда учурунда кокк жана таякча түрүндогү бактериялар табылган. Гематок.-эозин менен боёлгон. Чон. х 56 (а), х 80 (б).

Эксперименттин 14-күнүндө жалпы липиддердин оптикалык тыгыздыгынын ишенимдүү төмөндөшү жана гидроперекистердин оптикалык тыгыздыгынын жогорулашы белгиленген. Лигатура алынгандан кийин липиддердин перекистүү кычкылданышы процесстериндеги өзгөрүүлөрдүн күчү төмөндөгөн, бирок липиддердин жалпы дэңгээли жана кычкылдануу индексинин көрсөткүчтөрү интактуу жаныбарлардын тобу менен салыштырганда статистикалык жактан ишенимдүү айырмачылыктарды сактаган.

3.4.2-таблица – Эксперименталдык пародонтитти дарылоодо «Витар» жана «Кирславин» каражаттарынын липиддердин перекистүү кычкылданышынын көрсөткүчтөрүн салыштырмалуу баалоо

| Группалар | Жалпы липидтер (ед. опт. плотн) | Гидроперекисттер (ед. опт. плотн) | Кычкылдануу индекси |
|---|---|---|---|
| Гр. №1, (8 лаб. келем.), кийлигишүү болгон эмес | 1,21±0,03 | 0,83±0,03 | 0,69±0,02 |
| Гр. №2, лигатура коюлган кийин 2-күнү изилдөө | 1,22±0,03 | 1,13±0,03 | 0,93±0,02 |
| Гр. №3, лигатура коюлг. кийин 14 кун. изилдөө | 0,95±0,03* | 1,18±0,03* | 1,24±0,03* |
| Гр. №4, 14 күн., изилд. лиг. + 10 күн. текшерүү | 1,07±0,04 * | 0,85±0,03 | 0,80±0,04 * |
| Гр. №5, 14 күн. лигат., 10 күндүн ичинде «Витар» кар. менен нымдоо | 1,16±0,03 **,*** | 0,75±0,03**,*** | 0,65±0,03**, *** |
| Гр. №6,14күн лиг.,+10 күнд ичинде «Кирславин» эликс. менен нымдоо | 1,23±0,04**,*** | 0,72±0,02**,*** | 0,59±0,02**, *** |

Эскертүү: * - 1-топ менен болгон айырмачылыктын критерийи $p < 0,05$
** -3-топ менен болгон айырмачылыктын критерийи $p < 0,05$
*** - 4-топ менен болгон айырмачылыктын критерийи $p < 0,05$

Салыштырмалуу баалоодо 3-топтун көрсөткүчтөрү лигатуралар орнотулгандан 14-күндөн кийин, 1-топтун таза келемиштер группасы менен салыштырганда липиддик перекистик кычкылданышынын көрсөткүчтөрүндө төмөнкүлөр байкалган.

Жалпы липидтердин деңгээли 1,21±0,03 баштап, 0,95±0,03 жери төмөндөп 21,8 % азайган, бул клетка мембраналарынын туруктуулугунун төмөндөшүн көрсөтөт. Гидроперекистердин деңгээли 0,83±0,03 баштап, 1,18±0,03 жери өскөн, 42,2 % жогорулап, бул липиддик перекистик кычкылданышынын процесстеринин активдешкенин билдирет. Кычкылдануу индекси 0,69±0,02 баштап, 1,24±0,03 жери өскөнүн жана 79,7 % көбөйгөн, алынган натыйжалар клетка мембраналарынын бузулушун жана липиддик перекистик кычкылданышынын жогорулашын көрсөтөт (3.4.2-таблица).

Өзүнөн-өзү калыбына келүүчү 4-топто 10 сутка өткөндөн кийин пародонт ткандарынын жарым-жартылай калыбына келүүсү байкалган. Жалпы липпиддердин курамы 1,07±0,04 чейин жогорулап, бул көрсөткүч 3 топко салыштырганда (0,95±0,03) 13 % жогору экендиги анкталган. Гидроперекистердин деңгээли 0,85±0,03 чейин төмөндөп, 3-топко салыштырганда 28 % азайган. Ал эми кычкылдануу индекси 0,80±0,04 чейин төмөндөп, 35 % азайганын көрсөткөн. Бул өзгөрүүлөр ткандардын өз алдынча калыбына келүү тенденсиясынын бар экенин билдирет. Бирок липиддик перекистик кычкылдануунун көрсөткүчтөрү дагы эле нормага караганда жогору бойдон калган, бул кычкылдануу стрессинин сакталып жаткандыгын далилдейт (3.4.2-таблица).

Эксперименттик 5-топтогу келемиштерде 14 суткалык лигатуралык таасирден кийин 10-күндүн ичинде изилденүүчү «Витар» каражаты менен күнүнө 2 жолу дарылоо жүргүзүлгөн. Натыйжада жалпы липиддердин курамы 1,16±0,03 чейин жогорулап, бул көрсөткүч нормага жакын болуп, 3-топтун көрсөткүчүнөн 22,1 % жогору болгон. Гидроперекистердин деңгээли 0,75±0,03 чейин төмөндөп, 3-топко салыштырганда 36,4 % азайганы аныкталган (3.4.2-таблица).

Изилденүүчү каражаттын таасиринин натыйжасында кычкылдануу индексинин көрсөткүчтөрү статистикалык жактан ишенимдүү түрдө 0,69±0,02 (1-топ) деңгээлинен 0,65 ± 0,03 (5-топ) деңгээлине чейин, башкача айтканда 5,8 % төмөндөгөнү аныкталган. Бул көрүнүш иштелип чыккан каражаттын терапевтикалык таасирин көрсөтөт.

Демек, 14 суткалык лигатуралык таасирден кийин 10-күндүн ичинде «Витар» каражаты жергиликтүү колдонулган 5-топто липиддик перекистик кычкылдануунун көрсөткүчтөрүндө жана пародонт ткандарынын абалында маанилүү оң өзгөрүүлөр катталган (3.4.2-таблица).

Стоматологиялык «Витар» каражаты антиоксиданттык жана клетка мембраналарын перекистик кычкылдануудан коргоочу таасир көрсөтүп,

кычкылдануудан бузулуулардын деңгээлин кыйла төмөндөтөт жана ткандардагы липид алмашуусунун калыбына келишине жардам берет.

Өзүнөн-өзү калыбына келүүчү (4-топ) жаныбарларга салыштырмалуу, бул каражатты колдонуу липиддик перекистик кычкылдануунун көрсөткүчтөрүн толук нормалдаштырууну камсыздап, айрым учурларда интакттуу топтун көрсөткүчтөрүнөн да жогору деңгээлге жеткирген.

Тиш эликсири «Кирславин» (6 топ) 14 суткалык лигатуралык таасирден кийин 10-күндүн ичинде колдонулган учурда, дарылоосуз өткөн 3-топко салыштырганда көрсөткүчтөрдүн эң жогорку деңгээлде калыбына келүүсү байкалган. Жалпы липиддердин курамы 1,23±0,04 чейин жогорулап, бул 29 % өсүүнү көрсөттү. Ошондой эле гидроперекистердин деңгээли 0,72±0,02 чейин төмөндөп 39 % азайган, кычкылдануу индекси 0,59±0,02 чейин азайганы аныкталган.

Демек, «Кирславин» тиш эликсирин колдонуу дарылоосуз абалга салыштырганда перекистик кычкылдану стресстин деңгээлин эки эседен ашык төмөндөтүп, липид алмашуусунун толук калыбына келишин камсыз кылат.

Таасир этүүчү 5- жана 6-топторду салыштырма талдоо жүргүзүүнүн натыйжасында, лигатуралык таасирден кийин жалпы липиддердин деңгээли эки топто тең калыбына келгендиги аныкталды. Бирок «Кирславин» колдонулган 6-топто бул көрсөткүч 6 % жогору болуп, бул каражаттын эксперименттик сезгенүү моделиндеги антиоксиданттык таасири көбүрөөк экенин көрсөтөт (3.13 табл.).

***3.5 DENOVA OBC колдонулуп, өнөкөт катаралдык гингивиттин татаалдашкан формасын дарылоонун натыйжалуулугун баалоо.*** Изилдөө тобунда бейтаптардын ОПТГ көрсөткүчтөрүнө ылайык, остеопороз белгилери аныкталган эмес. Ошондой эле изилдөөчү топтогу бейтаптардын альвеолярдык сөөктөрүндө өзгөрүүлөр аныкталган эмес: тамырлар аралыктарда жана кортикалдык катмарларда анатомиялык бүтүндүк менен түзүлүш сакталып турган, деструктивдүү өзгөрүүлөр байкалган эмес.

Негизги топто Л.В. Федорованын (1982) ыкмасы боюнча ооз көңдөйүнүн гигиеналык абалынын индекстери ишенимдүү түрдө жакшырганы аныкталды. Эгерде байкоонун 1-күнүндө көрсөткүч 2,33±0,35 болсо, 30-күндө 1,54±0,13 чейин төмөндөгөн ($p < 0,05$). Бул көрсөткүчтөр баштапкы маанилер менен салыштырмалуу гигиеналык абалдын 1,5 эсеге жакшыргынын көрсөтөт.

Ал эми контрольдук тобунда аталган индекс 1-күнүндө 2,33±0,35 түзүп, 30-күнү 1,85±0,11 деңгээлге чейин төмөндөгөн, бул болсо 1,26 эсеге жакшырганын тастыктайт. Бул оң динамика, болжол менен, пародонт ткандарынын ооруларын дарылоо учурунда ооз көңдөйүнүн гигиенасын сактоонун маанилүүлүгү тууралуу алдын ала түшүндүрүү профилактикалык иштеринин жүргүзүлүшүнө байланыштуу болгон.

Шиллер-Писарев сыноосунун жыйынтыгы негизги топто оң динамиканы көрсөтүү, бул тиш капчыктарынын канашынын азайышы менен коштолуп, байконун 1-күнүндө көрсөткүч 3,01±0,45 болсо, 30-күнү 0,84±0,09 деңгээлге чейин төмөндөгөн, бул сезгенүү процесси 3,58 эсеге азайганын тастыктайт.

Контрольдук тобунда бул көрсөткүч байкоонун 1-күнүндө 3,01±0,44 түзүп, 30-күнү 0,89±0,07 деңгээлге чейин төмөндөгөн, бул сезгенүү процесси 1,59 эсеге азайганын көрсөтөт.

Мюлеманну-SBI индекси боюнча көрсөткүчтөр да оң динамиканы көрсөттү, байкоонун 1-күнүндө индекси 1,28±0,04 түзүп, 30-күнү 0,07±0,01 деңгээлге чейин төмөндөгөн. Бул алынган жыйынтыктар колдонулган каражаттын так белгиленген сезгенүүгө каршы таасирин тастыктайт жана жалпы жакшыртуу 18,2 эсеге жеткенин көрсөтөт.

Контрольдук тобунда бул көрсөткүч байкоонун 1-күнүндө 1,28±0,44 түзүп, 30-күнү 0,9±0,07 деңгээлге чейин төмөндөп, сезгенүү процесси 1,42 эсеге азайганын тастыктайт. Ошентип, дарылоонун 4-5 күнүндө клиникалык көрүнүштүрдүн оң калыбына келиши байкалган: оору сезимдери, шишик жана тиш эттеринин канашы жоголгон.

Изилденип жаткан каражаттын так аныкталган сезгенүүгө каршы касиеттери аны пародонт ооруларынын комплекстүү дарылоосунда кошумча компонент катары колдонууга сунуш кылууга негиз берет.

Каражатты үзгүлтүксүз колдонуу ремиссия мезгилин узартууга жана бейтаптардын жашоо сапатын жакшыртууга өбөлгө түзөт. Жакшырган көрсөткүчтөр контрольдук тобунда да байкалган, бул, балким, бейтаптардын аракетеринин жогору болушу менен байланыштуу болушу мүмкүн. Демек, алынган маалыматтар DENOVA Oral BIO-Complex каражаты өнөкөт катаралдык гингивиттин татаалдашкан түрү менен жабыркаган бейтаптарда сезгенүү процесстерин азайтууда комплекстүү оң таасир тийгизгенин далилдейт. DENOVA Oral BIO-Complex каражатына пародонт оорулары менен жабыркаган бейтаптардын кеңири топторунда кошумча клиникалык изилдөөлөрдү жүргүзүү сунушталат.

## ЖЫЙЫНТЫК

1. Кыргызстандын дарылык касиети бар жаратылыш байлыктарына талдоо жүргүзүлүп, антиоксиданттык жана сезгенүүгө каршы натыйжалуулугу бар стоматологиялык каражаттарды түзүү үчүн жарактуу дарылык өсүмдүктөр аныкталды.

2. Тандалган табигый компоненттердин негизинде «Витар» аттуу стоматологиялык каражатынын курамы жана технологиясы иштелип чыгылып,

антиоксиданттык жана сезгенүүгө каршы касиеттеринин ылайыктуу айкалышын камсыз кылды.

3. Доклиникалык изилдөөлөрдө «Витар» каражатынын коопсуз экенин, аллергия жаратпай турганын жана жергиликтүү тери же былжыр челди дүүлүктүрбөсүн далилдеди. Ошондой эле изилдөөлөр пародонтиттин эксперименталдык моделинде анын дарылык таасири бар экенин көрсөттү.

4. Клиникалык изилдөөлөрдүн жыйынтыгы боюнча табигый антиоксиданттык каражат DENOVA Oral BIO-Complex өнөкөт катаралдык гингивитти дарылоодо эффективдүү экенин аныкталды.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

Стоматологиялык «Витар» жана DENOVA Oral BIO-Complex антиоксиданттык каражаттары пародонттун сезгенүү ооруларын комплекстүү дарылоодо колдонууга сунушталат. Бул табигый антиоксиданттык каражаттар сезгенүүгө каршы натыйжалуу таасири бар болуп эсептелет. Аларды үзгүлтүксүз колдонулушу пародонттун абалын жакшыртууга, сезгенүүнү азайтууга, туруктуу ремиссияны сактоого жана бейтаптардын жашоо сапатын жакшыртууга өбөлгө түзөт.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН ТЕМАСЫ БОЮНЧА БАСЫЛЫП ЧЫККАН ИЛИМИЙ ЭМГЕКТЕРДИН ТИЗМЕСИ:

1. **Субанова, А. А.** Особенности эпидемиологии и патогенеза заболеваний пародонта [Текст] / А. А. Субанова // Вестник Кыргызско-Российского Славянского университета им. Б.Н. Ельцина. – Бишкек, 2015. – Т.15. – № 7. – С.152-155; То же: [Электронный ресурс]. – Режим доступа URL: https://elibrary.ru/download/elibrary_24306160_60012185.pdf

2. **Субанова, А. А.** Фитотерапия в стоматологии [Текст] / А. А. Субанова //Вестник Кыргызско-Российского Славянского университета им. Б.Н. Ельцина. – 2016. – Т.16. – № 3. – С.190-194; То же: [Электронный ресурс]. –Режим доступа URL: https://www.elibrary.ru/download/elibrary_26083150_54181191.pdf

3. **Субанова, А. А.** Действие стоматологического средства «Витар» на перекисное окисление слюны и структуру десны крыс при моделировании пародонтита [Текст] / А. А. Субанова, Г. В. Белов // Вестник науки и образования. – 2016. – № 9 (21). – С87-91; То же: [Электронный ресурс]. – Режим доступа URL: https://www.elibrary.ru/download/elibrary_26620384_86919076.pdf

4. **Субанова, А. А.** Оценка функционирования зубочелюстной системы и связанных с ней процессов у лиц молодого, среднего и пожилого возраста жителей города Бишкек по доменам МКФ [Текст] / Г. В. Белов, А. А. Субанова, Т. С. Сеитов //

Материалы V международной научно-практической конференции «Естественные науки и медицина: теория и практика». – Новосибирск, 2018.– № 5 (3). – С. 29-38; То же: [Электронный ресурс] URL: https://www.elibrary.ru/download/elibrary_36561577_43031442.pdf

5. **Субанова, А. А.** Эффективность препарата Denova Oral BIO-Complex при лечении воспалительных заболеваний пародонта у лиц молодого и среднего возраста с позиций МКФ [Текст] / А. А. Субанова, Г. В. Белов, Г. М. Хавин // Znanstvena misel journal. – 2018. – № 23. – С.38-41; То же: [Электронный ресурс]. https://www.elibrary.ru/download/elibrary_36476302_57776467.pdf

6. Применение природных антиоксидантов при лечении воспалительных заболеваний пародонта [Текст] / А. А. Субанова, Г. В. Белов, И. Б. Сулайманов, Д. Д. Смайылкулов // Здравоохранение Кыргызстана. – 2021. – № 1. – С.47-53; То же: [электронный ресурс]. – Режим доступа URL: https://www.elibrary.ru/download/elibrary_45796337_61040780.pdf

7. Применение DENOVA Oral BIO-Complex в составе комплексного лечения и профилактики воспалительных заболеваний пародонта [Текст] // А. А. Субанова, Г. В. Белов, Г. М. Хавин, Н. Т. Карашева // Электронный журнал ВАК. – № 2, 2 ч. – С. 88-96; То же: [Электронный ресурс]. – Режим доступа URL:https://www.elibrary.ru/download/elibrary_49930416_56112038.pdf

8. **Субанова, А. А.** Современное медикаментозное сопровождение комплексного лечения рецессивной убыли тканей пародонта [Текст] / И. Б. Сулайманов, А. А. Субанова // Вестник Кыргызской государственной медицинской академии им. И. К. Ахунбаева. – 2021. – № 1. – С.101-114.

9. Пат. № 1796 Кыргызская Республика, МПК A61K 7/16 (2015.01). Стоматологическое средство «Витар» [Текст] / А. А. Субанова, Г. В. Белов, Е. П. Зотов, Т. У. Супатаева – №20150033.1; заявл. 18.03.2015; опубл. 30.11.2015, Бюл. № 11 (199). – 8 с.: ил. То же: [электронный ресурс]. – Режим доступа URL:https://drive.google.com/file/d/1aGMlQuYHJh8qntdeA4Scb3YNpIn3u5qs/view

10. Пат. № 2050 Кыргызская Республика, МПК A61K 7/16 (2018.01). Стоматологическое средство «Артокан» [Текст] / А. А. Субанова; – № 20170111.1; заявл.17. 10. 2017; опубл. 31.05.2018, Бюл. № 5 (229). – 10,11с.: ил; То же: [Электронный ресурс]. – Режим доступа URL: https://drive.google.com/file/d/1CwYX3dqkKye2SgckBjp_qF7xFa49haxS/view

11. Пат. № 2074 Кыргызская Республика, МПК A61K 35/644 (2018.01). Стоматологическое средство «Пропакан» [Текст]/А. А. Субанова; – № 20170125.1; заявл.15.11. 2017; опубл. 31.07.2018, Бюл. № 7 (231). – 7, 8с.: ил; То же: [Электронный ресурс]. – Режим доступа URL: https://drive.google.com/file/d/13C5b9YggrPjNqMw_C-fZwrlI70ibHKMO/view

12. Пат. № 2207 Кыргызская Республика, МПК A61N 5/067 (2020.01), A61P 1/02 (2020.01). Способ лечения хронического пародонтита [Текст] / [А. А. Субанова, Г. В. Белов, Т. У. Супатаева и др.]. А. А. Субанова. – № 20190080.1; заявл.15.11.2019;

опубл.31.07.2020, Бюл. № 7 (225). – 6 с.: ил; То же: [Электронный ресурс]. – Режим доступа URL: http://patent.gov.kg/wp-content/uploads/2023/06/IM-72020.pdf

13. **Субанова, А. А.** Сравнительный эффект стоматологического средства «Витар» и «Кирславин» на перекисное окисление слюны и структуру десны крыс при моделировании пародонтита [Текст]/ А. А. Субанова, Г. В. Белов, Д. Д. Смайылкулов // ИЦРОН. Сб. трудов V Международная научно – практическая конференция. «Актуальные вопросы современной медицины». – Екатеринбург, 2018. – С. 76-78.

14. Экспериментальные изучения местно-раздражающего действия и аллергенной активности стоматологического средства «Витар» [Текст] / А. А. Субанова, Д. Б. Шаяхметов, А. Д. Дастанбеков // Здравоохранение Кыргызстана. – 2024. – № 4. – С. 52-58; То же: [электронный ресурс]. – Режим доступа URL: https://zdrav.kg/tekushchij-vypusk/product/view/180/422

15. Применение природных и преформированных физических факторов при лечении заболеваний тканей пародонта [Текст] / А. А. Субанова, Д. Б. Шаяхметов, Г. Р. Бестужева, А. Д. Дастанбеков // Вестник Кыргызско-Российского Славянского университета им. Б. Н. Ельцина. – Бишкек, 2025. – Т.25. – № 1. – С. 60-68; То же: [Электронный ресурс]. – Режим доступа URL: http://vestnik.krsu.edu.kg/archive/209/8319

**Субанова Азира Азисовнанын «Пародонт ооруларын дарылоодо табигый антиоксиданттарды колдонуунун клиникалык-эксперименталдык негиздемеси» деген темадагы 14.03.11 – калыбына келтирүүчү медицина, спорттук медицина, курортология жана физиотерапия адистиги боюнча медицина илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын**

## РЕЗЮМЕСИ

**Негизги сөздөр:** пародонт, табигый дары каражаттары, антиоксиданттар.

**Изилдөө объектиси:** ак тукумсуз лабораториялык келемиштер жана изилдөөгө катышууга макулдук берген бейтаптар.

**Изилдөөнүн предмети:** пародонт ткандары.

**Изилдөөнүн максаты:** иштелип чыккан «Витар» стоматологиялык каражатынын натыйжалуулугун илимий негиздөө жана эксперименттик жактан тастыктоо, ошондой эле DENOVA Oral BIO-Complex курамындагы табигый антиоксиданттардын клиникалык таасирин өнөкөт гингивитти калыбына келтирүүчү дарылоодо баалоо.

**Изилдөө ыкмалары:** пародонталдык индекстерди аныктоо, лабораториялык ак келемиштердин мээсинин жана ички органдарынын

патоморфологиялык изилдөөсү (эксперимент алкагында), кан курамынын жана шилекейинин биохимиялык анализи.

**Алынган натыйжалар жана алардын жаңылыгы:** «Витар» аттуу жаны стоматологиялык каражат иштелип чыгып, патенттелди. Анын натыйжалуулугу жана коопсуздугу эксперименталдык изилдөөлөр менен тастыкталды. DENOVA Oral BIO-Complex каражатынын өнөкөт гингивитти дарылоодогу натыйжалуулугу бааланды. Табигый антиоксиданттардын таасирлери такталып, антибиотиктерге туруктуулук шартында аларды колдонуу максатка ылайыктуу экени илимий негизделди.

**Колдонуу боюнча сунуштамалар:** коопсуздугу жана натыйжалуугу тастыкталгандан кийин, «Витар» каражатына болгон патент Бишкек шаарындагы «Арония-Фарм» өнөр жай өндүрүшүнө, көптөгөн топтордо клиникалык сыноолорду жүргүзүү жана иштелип чыккан каражатты Мамлекеттик катоо жургузу максатында акысыз өткөрүлүп берилген. DENOVA Oral BIO-Complex каражатын дарылоонун натыйжалуулугун жогорулатууда жана рецидивдердин санын азайтуу үчүн колдонуу сушушталат.

**Колдонуучу чөйрөсү:** стоматологиядагы калыбына келтирүүчү медицина.

## РЕЗЮМЕ

**диссертации Субановой Азиры Азисовны на тему «Клинико-экспериментальное обоснование применения антиоксидантов природного происхождения при лечении заболеваний тканей пародонта», представленной на соискание ученой степени кандидата медицинских наук по специальностям: 14.03.11-восстановительная медицина, спортивная медицина, лечебная физкультура, курортология и физиотерапия**

**Ключевые слова:** пародонт, природные лечебные средства, антиоксиданты.

**Объект исследования:** белые беспородные лабораторные крысы и пациенты давшие информированное согласие для участия в исследовании.

**Предмет исследования:** ткани пародонта.

**Цель исследования:** обосновать и экспериментально подтвердить эффективность разработанного стоматологического средства «Витар», а также оценить клиническую эффективность антиоксидантов природного происхождения в составе DENOVA Oral BIO-Complex при восстановительном лечении хронического катарального гингивита.

**Методы исследования:** пародонтальные индексы, патоморфологическое исследование тканей головного мозга и внутренних органов (эксперименте), анализ состава крови, биохимическое исследование слюны лабораторных крыс.

**Полученные результаты и их новизна**: разработано и запатентовано новое стоматологическое средство «Витар» эффективность и безопасность которого подтверждены доклиническими исследованиями. Оценена эффективность DENOVA Oral BIO-Complex при лечении хронического гингивита. Уточнены патогенетические механизмы действия природных антиоксидантов и обоснована целесообразность их применения в условиях антибиотикорезистентности.

**Рекомендации по использованию:** после подтверждения безопасности и эффективности патент на средство «Витар» безвозмездно передан промышленному производству «Арония-Фарм» г. Бишкек., для клинических исследований и регистрации в целях расширения ассортимента стоматологических средств местного производства. Рекомендовано применение DENOVA Oral BIO-Complex для повышения эффективности лечения и снижения количества рецидивов.

**Область применения:** восстановительная медицина в стоматологии.


## SUMMARY

**dissertation of Subanova Azira Azizovna on the topic «Clinical and experimental justification for the use of naturally derived antioxidants in the treatment of periodontal tissue diseases», submitted for the degree of candidate of medical sciences in the specialties: 14.03.11 - restorative medicine, sports medicine, therapeutic physical culture, balneology, and physiotherapy**

**Key words:** periodontal, natural remedies, antioxidants.

**Object of study:** white outbred laboratory rats and patients who gave informed consent to participate in the study.

**Subject of study:** periodontal tissues.

**The aim of the work:** to conduct preclinical studies of the developed composition of the dental product «Vitar» and to evaluate the clinical effectiveness of antioxidants of natural origin in the restorative treatment of periodontal tissue diseases.

**Research methods:** periodontal indices, pathomorphological examination of brain tissues and internal organs (in the experiment), blood composition analysis, and biochemical analysis of saliva in laboratory rats.

**The results obtained and their novelty:** The results obtained and their novelty: a new dental product, «Vitar», has been developed and patented, the efficacy and safety of which have been confirmed by preclinical studies. The effectiveness of DENOVA Oral BIO-Complex in the treatment of chronic gingivitis has been assessed. The pathogenetic mechanisms of action of natural antioxidants have been clarified, and the feasibility of their use in the presence of antibiotic resistance has been substantiated.

**Recommendations for use:** After confirming the safety and efficacy of Vitar, the patent was transferred free of charge to the industrial manufacturer Aronia-Pharm in Bishkek for clinical trials and registration to expand the range of locally produced dental products. The use of DENOVA Oral BIO-Complex is recommended to improve treatment effectiveness and reduce the incidence of relapses.

**Scope:** restorative medicine in dentistry.

Кагаздын форматы 60 х 90/16. Көлөмү 1,5 б.т.
Кеңсе кагазы. Тиражы 50 нуска.
«Соф Басмасы» ЖЧК тарабынан басылып чыкты.
720020, Бишкек ш., Ахунбаева көч., 92